**Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы тууралуу**

# МАКУЛДАШУУ

Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасы, мындан ары "Келишим түзүп жаткан Тараптар" деп аталуучулар, эки Тараптын ортосунда макулдашылган аймактарда кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын өтүү сызыгын тактоо жана аныктоо максатында төмөндөгүлөр тууралуу макулдашышты:

## 1-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар азыркы учурдагы кытай-кыргыз чек арасы тууралуу келишимдердин негизинде, жалпы таанылган эл аралык укук нормаларына ылайык, тең укуктуу консультациялар, өз ара түшүнүшүү, өз ара жол берүү духунда жана чек ара маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө эки Тараптын ортосунда жетишилген келишимдердин негизинде Кытай менен Кыргызстандын ортосунда тарыхтан калган чек ара маселелерин акыйкаттуу жана

рационалдуу чечүүгө, эки мамлекеттин ортосундагы чек аранын өтүү сызыгын тактоого жана аныктоого макулдашышты.

## 2-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек аранын төмөндөгүдөй өтүү сызыгы тууралуу макулдашышты:

Кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын биринчи чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 6411 деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түндүк-чыгышка карай болжол менен 3,4 км жана 6120 деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 2,5 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 6128 деп белгиленген бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 1,5 км аралыкта 6995 деп белгиленген Хан-Тенгри чокусунда жайгашкан.

Биринчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы жалпы түштүк-түштүк-батыш багытында 4855 деп белгиленген бийиктикке чейин түз келет, мындан ары түштүк багытында 5071 деп белгиленген бийиктикке чейин түз, андан кийин батыш багытында

экинчи чек ара точкасына чейин түз келет. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 5151 деп белгиленген бийиктиктен түндүк-түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,1 км жана 5884 деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 5,9 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 5705 деп белгиленген бийиктиктен батышка карай болжол менен 6,2 км аралыкта 5303 деп белгиленген бийиктикте жайгашкан.

Экинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы тоо кыркасы боюнча жалпы түштүк-түштүк-чыгыш багытында 5537, 5576, 6122, 5801 деп белигиленген бийиктик аркылуу 6204 деп белгиленген бийиктикке чейин барат, андан кийин тоо кыркасы боюнча түштүк-түштүк-батыш багытына бурулат жана 5458 деп белгиленген бийиктикке чейин барат, мындан ары түштүк-түштүк-батыш багытында 5502 деп белгиленген бийиктикке чейин түз, андан кийин түштүк-түштүк-чыгыш багытында үчүнчү чек ара точкасына чейин түз барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4828 деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 9,2 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4936 деп белгиленген бийиктиктен болжол менен түндүккө карай болжол менен 3,2 км жана 6740 деп белгиленген

бийиктиктен батышка карай болжол менен 2,2 км аралыкта жайгашкан 6521 деп белгиленген бийиктикте жайгашкан.

Үчүнчү чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы тоо кыркасы боюнча жалпы батыш багытында 6929 деп белгиленген бийиктик, 7439 деп белгиленген Победа (Томуэрфэн) чокусу аркылуу төртүнчү чек ара точкасына барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 5736.0 (кытай картасында- 5525) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 11.0 км жана 5581.0 (кытай картасында- 5581) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 10.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 5408 (кытай картасында- 5262) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,5 км аралыкта аты жок бийиктикте (кытай картасында- 6088 деп белгиленген бийиктик) Кокшаал-Тау (Савабци) тоо кыркасында жайгашкан.

Төртүнчү чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Кокшаал-Тау (Савабци) тоо кыркасы (кытай картасында- аты жок кырка) боюнча адегенде жалпы батыш, андан кийин түштүк-батыш багытында 6073.0 (кытай картасында- 5892) деп белгиленген бийиктик, 5540.0 (кытай картасында- 5541)деп белгиленген бийиктик, Айрансу ашуусу (кытай картасында- 4710 деп белгиленген

Аилансудабань ашуусу) аркылуу бешинчи чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 5024.0 (кытай картасында- 5047) деп белгиленген бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 9,5 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4815 (кытай картасында- 4848) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түштүк-батышка карай болжол менен 8,7 км жана 5110 (кытай картасында-5443) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 7.0 км аралыкта 4850.0 (кытай картасында- аты жок бийиктик) деп белгиленген бийиктикте Кокшаал-Тау (Савабци) тоо кыркасында [(кытай картасында- Тяньшаньнаньмай (Савабаци) кыркасы] жайгашкан.

Бешинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Майбаштау тоо кыркасы (кытай картасында-Тяньшаньнаньмай кыркасы) боюнча жалпы батыш-түштүк-батыш багытында 4001.2 деп белгиленген Майбаш ашуусу (кытай картасында- 4001 деп белгиленген Куликэдабань ашуусу), 5024.0 (кытай картасында- 5117) деп белгиленген бийиктик, 5361.2 (кытай картасында- 5361) деп белгиленген бийиктик аркылуу барат, андан кийин Сарыджас дарыясындагы (кытай картасында- Кумалакэхэ дарыясы) алтынчы чек ара точкасына түшөт. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын

аймагында жайгашкан 4688.5 (кытай картасында- 4659) деп белгиленген бийиктиктен чыгышка карай 11.9 км жана 3116.0 (кытай картасында- 3126) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-түштүк-чыгышка карай болжол менен 6.2 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан аты жок бийиктиктен (кытай картасында- 3076 деп белгиленген бийиктик) түндүк-түндүк-чыгышка карай болжол менен 1.9 км аралыкта Сарыджас дарыясынын (кытай картасында- Кумалакэхэ дарыясы) суу агымынын ортосунда жайгашкан.

Алтынчы чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Кокшаал-Тау тоо кыркасына (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) көтөрүлөт жана андан кийин ал боюнча жалпы түштүк-батыш багытында 4682,0 (кытай картасында-4668) деп белгиленген бийиктик, 5025.0 (кытай картасында- 5022 деп белгиленген Цюнтуэршань тоосу) деп белгиленген бийиктик, 4871.0 (кытай картасында- 4862) деп белгиленген бийиктик, 4951.0 (кытай картасында- 4934) деп белгиленген бийиктик, 4358.1 деп белгиленген Кукуртук (Кунгулу) ашуусу [( кытай картасында- Гунгулукэшанькоу (Кукуэртукэ) ашуусу], 4284.0 деп белгиленген Бедель ашуусу (кытай картасында- Беделишанькоу ашуусу) аркылуу жетинчи чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4397.0 (кытай картасында- 4406) деп

белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 7.9 км жана 4441.0 (кытай картасында- 4441) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-батышка карай болжол менен 5.3 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4682 (кытай картасында- 4647) деп белгиленген бийиктиктен батышка карай болжол менен 7.8 км аралыкта аты жок бийиктикте (кытай картасында- 4503 деп белгиленген бийиктик) Кокшаал-Тау тоо кыркасында (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) жайгашкан.

Кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын сегизинчи чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4812.0 (кытай картасында- 4799) деп белгиленген бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 8.9 км жана 4252.1 (кытай картасында- 4263) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-түштүк-чыгышка карай болжол менен 9.4 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 5253 (кытай картасында- 5327) деп белгиленген бийиктиктен түндүккө карай болжол менен 3.6 км аралыкта аты жок бийиктикте (кытай картасында- 5318 деп белгиленген бийиктик) Кокшаал-Тау тоо кыркасында (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) жайгашкан.

Сегизинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Кокшаал-Тау тоо кыркасы боюнча (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) жалпы батыш багытында барат, андан кийин Болгандыбель ашуусу (кытай картасында- Боэрганьдидабань ашуусу), 4414.1 (кытай картасында- 4405) деп белгиленген бийиктик, 4113.8 деп белгиленген Когарт ашуусу (кытай картасында- 4086 деп белгиленген Когаэртэшанькоу ашуусу), 3355.3 деп белгиленген Чон-Чичар ашуусу (кытай картасында- 3393 деп белгиленген Чуаньчичаэр ашуусу) аркылуу түштүк-батыш багытына бурулат, андан кийин тоо кыркасы боюнча тогузунчу чек ара точкасына чейин Кокшаал дарыясына (кытай картасында- Тошиганьхэ дарыясы) түшөт. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 3499.8 (кытай картасында- 3494) деп белгиленген бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 7.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 3532 деп белгиленген бийиктиктен батыш-түштүк-батышка карай болжол менен 18.9 км жана 4122 (кытай картасында- 4142) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 7.4 км аралыкта Кокшаал дарыясынын (кытай картасында- Тошиганьхэ дарыясы) суу агымынын ортосунда жайгашкан.

Тогузунчу чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Кокшаал-Тау тоо кыркасына (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) көтөрүлөт жана андан кийин ал боюнча

жалпы түштүк-батыш багытында 4096.4 деп белгиленген Чон-Уру ашуусу (кытай картасында- Чуаньулушанькоу ашуусу), 4026.1 деп белгиленген Бутманак ашуусу (кытай картасында- Бутэманакэшанькоу ашуусу), 4088.5 деп белгиленген Кара-Джилга ашуусу (кытай картасында- 4088 деп белгиленген Калабелишанькоу ашуусу), 3795.5 деп белгиленген Курумдук ашуусу (кытай картасында- 3810 деп белгиленген Кулумудукэшанькоу ашуусу), 3798.6 деп белгиленген Туюкходжент ашуусу (кытай картасында- 3793 деп белгиленген Туюньхэцзяньтэшанькоу ашуусу) аркылуу онунчу чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4081.3 (кытай картасында- 4097) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 11.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан аты жок бийиктиктен (кытай картасында- 3818 деп белгиленген Кэцзылэкээршань тоосу) батышка карай болжол менен 7.6 км жана 4230 (кытай картасында- 4198) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 4.8 км аралыкта 4158.5 (кытай картасында- 4169) деп белгиленген бийиктикте Кокшаал-Тау тоо кыркасында (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) жайгашкан.

Онунчу чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Мейдантаг тоо кыркасы боюнча (кытай картасында-Тяньшаньнаньмай кыркасы) адегенде жалпы түндүк-түндүк-батыш багытында 3962.9 деп белгиленген Ходжент ашуусу (кытай картасында- 3959 деп белгиленген Хэцзяньтэшанькоу ашуусу) аркылуу барат, андан кийин батыш-түштүк-батыш багытына бурулат жана аты жок бийиктик (кытай картасында- 4512 деп белгиленген бийиктик), аты жок бийиктик (кытай картасында- 4121 деп белгиленген бийиктик), 3804.9 деп белгиленген Буз-айгыр ашуусу (кытай картасында- 3819 деп белгиленген Боцзыайгээршанькоу ашуусу), 3665.5 деп белгиленген Курпе-Бель ашуусу (кытай картасында- 3666 деп белгиленген Куэрпебелишанькоу ашуусу), 3922.0 деп белгиленген Кипчак ашуусу (кытай картасында-Цитэчакэшанькоу ашуусу), 3965.0 деп белгиленген Уртасу ашуусу (кытай картасында- Уэртасудабань ашуусу) аркылуу он биринчи точкага чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4387.5 (кытай картасында- 4399) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-батышка карай болжол менен 8.4 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 3677 (кытай картасында- 3731) деп белгиленген бийиктиктен батышка карай болжол менен 5.9 км жана 3888 деп белгиленген бийиктиктең чыгышка карай болжол менен 17.0

км аралыкта 4404.0 деп белгиленген бийиктикте (кытай картасында- 4391 деп белгиленген Сээрмэньтаошань тоосу) Мейдантаг тоо кыркасында (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) жайгашкан.

Он биринчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Каракыр тоо кыркасы (кытай картасында- Калагээршань тоосу) боюнча, андан кийин аты жок тоо кыркасы (кытай картасында- Тяньшаньнаньмай кыркасы) боюнча жалпы түндүк багытында аты жок бийиктик (кытай картасында- 4289 деп белгиленген Калакэцзыбикэтаошань тоосу), 4425.5 (кытай картасында- 4428) деп белгиленген бийиктик, 3805.8 деп белгиленген Кызыл-Кур ашуусу (кытай картасында- 3805 деп белгиленген Кэцзэлэкуэршанькоу ашуусу), 3944.4 (кытай картасында- 3946) деп белгиленген бийиктик, 3883.0 деп белгиленген Чоколай ашуусу (кытай картасында- 3835 деп белгиленген Цякалаишанькоу ашуусу), 3830.0 деп белгиленген бийиктик (кытай картасында- 3811 деп белгиленген Боцзыалаташишань тоосу) аркылуу, андан кийин жалпы батыш-түштүк-батыш багытында он экинчи чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 3728.0 (кытай картасында- 3712) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 3.0 км жана 3834.2 (кытай

картасында- 3829) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-батышка карай болжол менен 3.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 3607 (кытай картасында- 3601) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-түндүк-батышка карай болжол менен 18.3 км аралыкта 3671.0 деп белгиленген Уселек ашуусунда (кытай картасында- 3625 деп белгиленген Юйцзылекэшанькоу ашуусу) жайгашкан.

Он экинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы аты жок тоо кыркасы (кытай картасында- Цяолукэгайэрмешань тоосу) боюнча жалпы түштүк-батыш багытында, андан кийин Туругарт-Тау тоо кыркасы (кытай картасында- Туэргатэшанькоу тоосу) боюнча жалпы батыш багытында 3720.8 (кытай картасында- 3722) деп белгиленген бийиктик, 3752.2 деп белгиленген Туругарт ашуусу (кытай картасында- Туэргатэшанькоу ашуусу), 4603.0 (кытай картасында- 4553) деп белгиленген бийиктик, 4605.5 (кытай картасында- 4522) деп белгиленген бийиктик аркылуу барат, андан кийин түндүк-батыш багытында аты жок бийиктикке чейин (кытай картасында- 4567 деп белгиленген бийиктик) бурулат, андан кийин суу бөлгүч боюнча он үчүнчү чек ара точкасына чейин түшөт. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4011.0 (кытай картасында- 3936) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 2.3 км жана 3930.7 (кытай картасында-

3917) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түштүк-батышка карай болжол менен 13.1 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4075 (кытай картасында- 4107) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 6.4 км аралыкта 3933.9 деп белгиленген Туюн-Суек ашуусунда (кытай картасында- 3918 деп белгиленген Суюэкшанькоу ашуусу) жайгашкан.

Он үчүнчү чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Кектун тоо кыркасы (кытай картасында- Цюнкэлацяокошань тоосу) боюнча жалпы түштүк-түштүк-батыш багытында 4442.7 (кытай картасында- 4441) деп белгиленген бийиктикке чейин барат, андан кийин түштүк-чыгыш багытында 3794.0 деп белгиленген Джитым-Ашу ашуусу (кытай картасында- 3850 деп белгиленген Чжитэмуашушанькоу ашуусу) аркылуу он төртүнчү чек ара точкасына чейин бурулат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 3901.0 (кытай картасында- 3921) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 9.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4210 (кытай картасында- 4125) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-түштүк-чыгышка карай болжол менен 2.8 км жана 3965 (кытай картасында- 3845) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түштүк-батышка карай болжол менен 3.5 км аралыкта 3941.0 деп белгиленген Когарт ашуусунда

(кытай картасында- 3898 деп белгиленген Когаэртэшанькоу ашуусу) жайгашкан.

Он төртүнчү чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Алай тоо кыркасы (кытай картасында- Алайлин кыркасы) боюнча адегенде жалпы батыш багытында аты жок бийиктик (кытай картасында- 4470 деп белгиленген бийиктик), 4705.1 (кытай картасында- 4639) деп белгиленген бийиктик аркылуу аты жок бийиктикке чейин (кытай картасында- 4504 деп белгиленген бийиктик) барат жана мындан кийин түштүк-батыш багытында 3628.7 деп белгиленген Туз-Ашу ашуусу (кытай картасында- Туцзыашушанькоу ашуусу), 3865,4 деп белгиленген Сийдам ашуусу (кытай картасында- 3862 деп белгиленген Сиидамушанькоу ашуусу), 3682.0 деп белгиленген Саваярды ашуусу (кытай картасында- Саваяэрдуньшанькоу ашуусу) аркылуу он бешинчи чек ара точкасына чейин бурулат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4921.0 (кытай картасында- 4905) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 1.8 км жана 3995.0 деп белгиленген Бурульбаш тоосунан (кытай картасында- 3996 деп белгиленген Булуаэрбасышань тоосу) түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 14.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4603 (кытай картасында- 4569) деп белгиленген бийиктиктен

түндүккө карай болжол менен 5.3 км аралыкта 4720.7 (кытай картасында- 4648) деп белгиленген бийиктикте Алай тоо кыркасында (кытай картасында- Тыньшаньнаньмай кыркасы) жайгашкан.

Он бешинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз чек арасы Теректау тоо кыркасы (кытай картасында- Телекэтаошань тоосу) боюнча жалпы түштүк-түштүк-батыш багытында 4067.0 деп белгиленген Дунгурама (Карачал) ашуусу (кытай картасында- 4066 деп белгиленген Дунгуламашанькоу ашуусу), 4074.0 деп белгиленген Итык ашуусу (кытай картасында- 4077 деп белгиленген Итэтуйкэшанькоу ашуусу), 3943.0 деп белгиленген Кара-Бель ашуусу (кытай картасында- 3933 деп белгиленген Калабелишанькоу ашуусу), 3851.7 деп белгиленген Ильтык ашуусу (кытай картасында- 3848 деп белгиленген Илитикэшанькоу ашуусу) аркылуу он алтынчы чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4002.2 (кытай картасында- 4003) деп белгиленген бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 6.0 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4336 деп белгиленген бийиктиктен (кытай картасында- 4297 деп белгиленген Цзялэгэцзыбулакэфан чокусу) түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 9.2 км жана 3262 (кытай картасында- 3267) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түштүк-батышка карай болжол менен 14.9 км аралыкта Теректау

кыркасынын (кытай картасында- Телекэтаошань тоосу) түштүк бөлүгүндөгү сунун бөлүнүшүндө жайгашкан аты жок бийиктикте жайгашкан.

Он алтынчы чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы мурдагыдай эле жогоруда аталган тоо кыркасы боюнча жалпы түштүк-чыгыш багытында 3293.5 деп белгиленген Тупик ашуусу (кытай картасында- 3297 деп белгиленген Акэтесыкэишанькоу ашуусу), 3287.9 (кытай картасында- 3278) деп белгиленген бийиктик аркылуу барат, мындан кийин кыр боюнча дарыя өрөөнүнө он жетинчи чек ара точкасына чейин түшөт. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 3323.8 (кытай картасында- 3323) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 3.4 км жана 4002.2 (кытай картасында- 4003) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 14.8 км жана Кытайдын аймаганда жайгашкан 3162 (кытай картасында- 3174) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 3.1 км аралыкта Кызыл-Суу дарыясынын башкы салаасынын ортосунда (кытай картасында- Кэцзылэсухэ дарыясы) жайгашкан.

Он жетинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы жогоруда аталган дарыянын жайылмасы аркылуу түз

түштүк багытында болжол менен 1.1 км аралыкта он сегизинчи чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 3323.8 (кытай картасында- 3323) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 3.8 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 3327 (кытай картасында- 3330) деп белгиленген бийиктиктен батышка карай болжол менен 6.2 км жана 3162 (кытай картасында- 3174) деп белгиленген бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 2.6 км аралыкта Мальтабар дарыясынын ортосунун (кытай картасында- Иэркэшитаньхэ дарыясы) автомобилдик жол менен кесилишкен жеринде жайгашкан.

Он сегизинчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Мальтабар дарыясынын (кытай картасында- Иэркэшитаньхэ дарыясы) агымы боюнча анын ортосу аркылуу же башкы салаасынын ортосу аркылуу бул дарыянын башына чейин, андан кийин жалпы түштүк багытында он тогузунчу чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4418.0 (кытай картасында- 4432) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 4.2 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 4635 (кытай картасында- 4635) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-батышка карай болжол

менен 5.6 км жана 4471 (кытай картасында- 4423) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 2.4 км аралыкта 4867.2 деп белгиленген бийиктикте (кытай картасында- 4865 деп белгиленген Иэркэшитаньшань тоосу) аты жок тоо кыркасында жайгашкан.

Он тогузунчу чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы аты жок тоо кыркасы боюнча жалпы түштүк-түштүк-батыш багытында 4360.3 деп белгиленген Тогочар ашуусу (кытай картасында- Тохуцюшанькоу ашуусу), 4898.0 (кытай картасында- 4884) деп белгиленген бийиктик аркылуу жыйырманчы чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4552.0 (кытай картасында- 4482) деп белгиленген бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 5.6 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 5480 (кытай картасында- 5511) деп белгиленген бийиктиктен батышка кара болжол менен 4.7 км жана 5321 (кытай картасында- 5314) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-түндүк-чыгышка карай болжол менен 3.8 км аралыкта 5751.0 деп белгиленген Отчайло (Иркештам) чокусунда (кытай картасында- 6762 деп белгиленген Кулумутоэртагэфэн чокусу) Заалай тоо кыркасында (кытай картасында- Цзаалаисьцзишань тоосу) жайгашкан.

Жыйырманчы чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Заалай тоо кыркасы ( кытай картасында-Цзаалаисыцзишань тоосу) боюнча жалпы батыш багытында 5788.0 деп белгиленген Курум-Тор-Таг (Мальтабар) чокусу (кытай картасында-5800 деп белгиленген Кулумутортаг чокусу), 5965.0 (кытай картасында-5990) деп белгиленген бийиктик аркылуу жыйырма биринчи чек ара точкасына чейин барат. Бул чек ара точкасы Кыргызстандын аймагында жайгашкан 4925.0 (кытай картасында-4830) деп белгиленген бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 9.8 км жана 5368.0 (кытай картасында- 5368) деп белгиленген бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 5.1 км жана Кытайдын аймагында жайгашкан 5009 (кытай картасында- 5006) деп белгиленген бийиктиктен түндүк-түндүк- батышка карай болжол менен 6.9 км аралыкта 5995.0 (кытай картасында- 5992) деп белгиленген Заалай тоо кыркасында (кытай картасында-Цзаалаисыцзишань тоосу) жайгашкан.

Жыйырма биринчи чек ара точкасынан кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасы Заалай тоо кыркасы (кытай картасында-Цзаалаисыцзишань тоосу) боюнча жалпы батыш багытында кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын акыркы точкасына чейин барат.

Биринчи чек ара точкасынан төртүнчү чек ара точкасына чейин жогоруда көрсөтүлгөн кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын сызыгы 1:50 000 масштабындагы биргелешип түзүлгөн карталарда кызыл түстө берилген.

Төртүнчү чек ара точкасынан жетинчи чек ара точкасына чейин жана сегизинчи чек ара точкасынан жыйырма биринчи чек ара точкасына чейин жогоруда көрсөтүлгөн кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын сызыгы 1:100 000 масштабындагы мурдагы СССРдин карталарында жана КНРдин карталарында кызыл түстө берилген.

Мамлекеттик чек аранын жолдорун көрсөтүүдө эскерилген бардык аралыктар ушул карталар боюнча өлчөндү.

Кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын сызыктары кызыл түстө берилген жогоруда аталган карталар ушул Макулдашууга тиркелет жана анын ажырагыс бөлүгүн түзөт.

## 3-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар ушул Макулдашуунун 1-статьясына ылайык жетинчи чек ара точкасынан тартып сегизинчи чек ара точкасына чейинки кытай-кыргыз мамлекеттик чек ара

сызыктарынын өтүшү тууралуу маселени чечүү үчүн сүйлөшүүлөрдү улантууну макулдашышты.

## 4-статья

Ушул Макулдашуунун 2-статьясында көрсөтүлгөн кытай-кыргыз мамлекеттик чек ара сызыктарын жерлерде аныктоо максатында Келишим түзүп жаткан Тараптар паритеттүү баштальшта Биргелешкен демаркациялоочу комиссияны түзүүнү жана бул комиссияга чек араны демаркациялоону- ушул Макулдашууга ылайык мамлекеттик чек ара сызыктарынын жерде анык жайгашышын аныктоону, чек ара белгилерин орнотууну, чек араны демаркациялоо тууралуу документтердин долбоорлорун даярдоону, так демаркациялоо карталарын түзүүнү, ошондой эле жогоруда аталган милдеттерди аткарууга байланышкан конкреттүү маселелерди чечүүнү тапшырууну чечишти.

## 5-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар ушул Макулдашуунун 2-статьясында көрсөтүлгөн Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы мамлекеттик чек ара сызыктары тоолуу чек ара аймактарында суу

бөлгүчтөр аркылуу, ал эми чек ара дарыясы боюнча- дарыянын ортосу же анын башкы салаасынын ортосу аркылуу өтөөрүн макулдашышты. Суунун бөлүнүшүнүн, дарыянын же анын башкы жеңининин ортосунун анык жайгашышы жана ушуга ылайык дарыядагы аралдардын тийиштүүлүгү, ошондой эле тоо сууларынын мамлекеттик чек ара сызыгы менен анык кесилишкен жери чек араны демаркациялоодо конкреттүү аныкталат.

Ушул Макулдашуунун 2-статьясында көрсөтүлгөн чек ара дарыясы кеме сүзбөөчү дарыя деп эсептелет.

Дарыянын башка жеңин аныктоонун негизги критерии катары орточо деңгээлдеги суунун чыгымы алынат.

## 6-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар Кытай Эл Республикасынын-Кыргыз Республикасынын -Казахстан Республикасынын жана Кытай Эл Республикасынын-Кыргыз Республикасынын -Тажикстан Республикасынын мамлекеттик чек араларынын тогошкон точкасы кызыккан мамлекеттер тарабынан өзүнчө аныкталат деп макулдашышты.

## 7-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар жерде демаркацияланган кытай-кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы тикесинен алгандагы аба мейкиндигин жана Жер астын дагы чектей тургандыгын макулдашышты.

## 8-статья

Эгерде Келишим түзүп жаткан Тараптар башкача макулдашышпаса, чек ара тилкесиндеги, анын ичинде чек ара дарыясында болушу мүмкүн болгон бардык жаратылыштык өзгөрүүлөр жерде демаркацияланган кытай-кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгынын абалына, ошондой эле аралдардын тийиштүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү алып келбейт.

Чек ара сызыгын демаркациялоодон кийин чек ара дарыясында пайда болгон аралдардын тийиштүүлүгү демаркацияланган чек ара сызыгынын абалына ылайык аныкталат, ал эми демаркацияланган чек ара сызыгында түздөн-түз пайда болгон аралдардын тийиштүүлүгү акыйкаттуу жана рационалдуу негизде Келишим түзүп

жаткан Тараптардын ортосунда консультациялар жолу менен чечилет.

## 9-статья

Ушул Макулдашуу ратификацияланууга жатат жана ратификациялоо грамоталары менен алмашкан күндөн тартып күчүнө кирет. Ратификациялоо грамоталары менен алмашуу кыска мөөнөттүн ичинде Пекин шаарында жүргүзүлөт.

Ушул Макулдашуу Бишкек шаарында 1996-жылдын “4” июлунда эки нускада, ар бири кытай, кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү. Түшүндүрүүдө пикир келишпестик келип чыккан учурда Келишим түзүп жаткан Тараптар орус жана кытай тилиндеги тексттерге таянышат.

Кытай Эл Республикасы
үчүн

江泽民

Кыргыз Республикасы
үчүн